КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН

БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

К.И.Скрябин атындагы КЫРГЫЗ УЛУТТУК АГРАРДЫК УНИВЕРСИТЕТИ

# БАЙЫРКЫ КЫТАЙ ФИЛОСОФИЯСЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

(студенттер үчүн методикалык колдонмо)

Бишкек -2024

УДК 1/14

ББК 87.3 (5 Кит)

Ш 39

К.И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин Окуу-методикалык комиссиясынын кеңешинде каралып, басууга сунуштаган.

**Түзүүчү: философия илимдеринин кандидаты - Шейшенбаева А.М.**

Рецензент: Философия идимдеринин кандидаты Байсубанов У.К.

Ш 39 **Байыркы Кытай философиясынын өзгөчөлүгү / студенттер үчүн колдонмо**. – Б.: “-----” 2024.–--- б.

ISBN 978-9967-600-09-6

Колдонмодо Байыркы Кытай философиясынын өзгөчөлүгү тууралуу кеңири маалымат берилет. Философиянын очогу байыркы үч цивилизация: Кытай, Индия, Греция менен тыгыз байланыштуу болгондуктан, ар бирин өз нугунда карап чыгуу абзел. Цивилизациялардын бир канча кылымдардан бери тирүү сакталып келишине, ал элдин тили, тарыхы, маданияты, философиясы чоң роль ойнойт. Колдонмодо Байыркы Кытайдын басып өткөн жолуна, философиялык ойлоруна, философиялык мектептерине басым коюлат. Колдонмо жогорку окуу жайларынын студенттерине арналып, кыргыз тилдүү топторго практикалык сабакка даярданууга көмөкчү болот.

УДК 1/14
ББК 87.3 (5 Кит)

ISBN 978-9967-600-09-6

**БАЙЫРКЫ КЫТАЙ ФИЛОСОФИЯСЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ**

План:

1.Байыркы кытай философиясынын тарыхы

2. Философиялык мектептер

**1.**Байыркы дүйнөнүн философиясы жөнүндө сөз болгондо, биринчи кезекте Байыркы Кытайдын, Байыркы Индиянын, Байыркы Грециянын жана Байыркы Римдин философиясына кеңири токтолобуз. Биздин эрага чейин биринчи миң жылдыктын ортосунда бир эле мезгилде байыркы философиянын жаралуусунун үч очогу болгон Кытай, Индия, Греция. Бул мезгил интеллектуалдык изденүүдөн алынган билимге таянып, мифологиялык дүйнөнү кабыл алуу көз карашына өткөн узак процесс болгон.

Ушул мезгилде эле чыгыш жана батыш философиясынын философиялык салтында өзгөчөлүк пайда болгон, алардын да жалпы аспектилери болгонуна карабастан, мифологиялык дүйно таанымы элдин көкүрөгүндө пайда болушу, таптык коомдун жана мамлекеттин калыптануу мезгили, философиянын идеялык мүнөзү жана методунун өнүгүшү ж.б.маселелер батыш жана чыгыш философиясынын өзгөчөлүгүн көрсөтүп турган. Эгер чыгыш философиясы адам көйгөйлөрүнө көбүрөөк көңүл бурса, батыш философиясы башынан эле көп көйгөйлүү, онтологиялык(болмуштук), гносеологиялык(таанымдык), антропологиялык жана башка маселелерди изилдеген.

Бул жерде адам проблемасы жөнүндөгү көз караштарда да айырмачылыктар ачылган: чыгыш философиялык салтында адамдардын практикалык муктаждыктарын чечүүгө басым жасалган (ошондуктан анда социалдык, философиялык жана этикалык маселелерге чоң орун берилген); Батыш салты адамды онтологиялык жана гносеологиялык проблемалардын призмасы аркылуу караган, ошону менен ал теманын этикалык жана социалдык-философиялык аспектилерин өнүктүргөн.

Чыгышта философиянын философияга чейинкиден айырмаланбагандыгы тигил же бул концепцияны философиялык жана диний (брахманизм, индуизм, буддизм, конфуцийчилик катары бир эле учурда чагылдыруу феноменин пайда кылган. Категориялык аппараттын өзгөчөлүгү да бар. Чыгыш салтында мифологиянын көптөгөн түшүнүктөрү олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болбостон, философияга органикалык түрдө кирсе, батыштын философиялык салты өзүн мифологиядан ажыратууга умтулган.

Байыркы кытай философиясында диний-мифологиялык дүйнө тааным үстөмдүк кылган. Байыркы кытайлар дүйнөдөгү бардык нерсе Асмандын алдын ала белгиленгендигинен көз каранды деп эсептешкен, анын башкы башкаруучусу Шан Ди эсептелген. Ага көптөгөн кудайлар жана рухтар баш ийишкен, алардын көбү жаныбарларга, канаттууларга же балыктарга нак окшошуп, жарым айбан жана жарым адам болгон.

Байыркы кытай дининин эң маанилүү элементи ата-бабаларга жана антикалык мифтик баатырларга сыйынуу болгон.

Ошол эле учурда Кытайдын эң байыркы жазма эстеликтерине ылайык, кээ бир ойчулдар бир катар философиялык ойлорду айтып, кийинчерээк кытай философиясынын эң маанилүү түшүнүктөрүнө айланган терминдерди ортого салышкан: Ши Бо гармония концепциясын алдыга койгон (хэ), Цзинь Ши Мо (Цай Мо) падышалыгынын (б.з.ч. VIIIк.) ордо жылнаамачылары менен астрономдорунун башчысы «бардык нерсенин жуп болуу» идеясын көтөргөн. Чжоу падышалыгынын кадырлуу (дафу) Бо Янфу (б.з.ч. VIIIк) биздин заманга чейинки 780-жылы болгон жер титирөө окуясын - инь жана ян күчтөрүнүн өз ара аракеттенүүсүнүн бузулушу деп түшүндүргөн.

Биздин заманга чейинки VII-VIк. Байыркы Кытайдын кээ бир философтору жаратылышты түз ой жүгүртүүнүн негизинде дүйнөнү түшүндүрүүгө аракет кылышкан. Ши-цзин китебине караганда, бул мезгилде кытай философиясында Асман культу үстөмдүк кылган, ал жылдыздардын кыймылын табигый процесстердин мыйзамдары менен түшүндүрүп гана тим

болбостон, аларды мамлекеттердин жана жеке адамдардын тагдырларын, моралдык осуяттар менен байланыштырган.

Байыркы Кытайдын тарыхында Чжаньго мезгили көбүнчө “кытай философиясынын алтын доору” деп аталат. Дал ушул мезгилде концепциялар жана категориялар пайда болгон, алар кийин бардык кытай философиясы үчүн, азыркы заманга чейин салтка айланган.

**2.** Бул мезгилде эркин жана чыгармачылык менен жашаган **алты негизги философиялык мектеп болгон.**

**Даосизм**.

Биздин заманга чейин 6–5-кылымдарда Байыркы Кытайда пайда болгон. Даосизм окуусунун негиз салуучусу катары Конфуцийдин замандашы Лао-Цзы эсептелет. Даосизм окуусунун негизги түшүнүгү – Дао, ал даосизм окуусунун философиялык идеясынын өзөгүн түзөт. Бул терминдин сөзмө-сөз мааниси кыргыздын байыркы дүйнө таанымы Теңирчиликтин – «Жол» нуска наамасынын мазмунуна жакын. Даосизм «дүйнөнүн түпкү себеби», «ааламдын маңызы», «жаратылыштын негизги мыйзамы» сыяктуу теориялык жоболорду камтыйт. Даосизмди ар тараптан өнүктүргөн Конфуцийдин окуусунда «дао» деп, мыкты башкаруучунун жолун, адилеттүүлүктү өркүндөтүүнүн жолун, ыйман-адеп ченемдеринин жыйындысын түшүнүшкөн. Даонун жолун жолдоо, табигый кубулуштарга жана процесстерге кийлигишпөө, табият менен таттуу мамиледе болуу гана ийгиликке алып келет дешкен. Ал эми «Дао Дэ Цзин» китебинде: бардык заттар өзүнүн «менчик» жолу – дао аркылуу жаралат жана өзгөрөт, дүйнөдө өзгөрүлбөс эч нерсе жок, бардыгы тең ошол өзгөрүүлөрдүн жүрүшүндө өзүнүн карама-каршысына айланышат деген философиялык тыянак бар. Биздин замандын II III кылымында даосизм философиялык жана диний багыттарга бөлүнүп кеткен. 2) Кытай диндеринин бири, биздин заманда II-кылымында пайда болгон. Даосизмдин негизги канондук жоболору: теологиясы менен теориясы V-кылымдын башталышында иштелип чыккан, Тан доорунда (X кылымга чейин) ал мамлекеттик

бийликтин өзгөчө колдоосунда болгон. Даосизм кытайдын расмий дини катары классикалык дао философиясы менен аралашып, элдик синкреттик (бирикме, бүтүн) окуу катары XX-кылымдын ортосуна чейин сакталып келген. Даосизмди жактоочулардын максаты – дүйнөдө түркүн түрдүү ыкмаларды: атайын мүнөз тамак-аштан тартып, ар кандай дарылоочу дене тарбия көнүгүүлөрүнө чейинки ыкмаларды пайдалануу менен адам өмүрүн узартууга жетишүү болгон.

Аалам гармониянын булагы, ошондуктан дүйнөдөгү бардык нерселер, өсүмдүктөрдөн баштап, адамдарга чейин табигый абалында кооз. Эң жакшы башкаруучу – адамдарды тынч абалда калтырган башкаруучу. Бул доордун өкүлдөрү: Лао Цзы, Ле Цзы, Чуан Цзы, Ян Чжу.ж.б.

**Лао-цзы** (б.з.ч.VI—V к.к.) — байыркы кытай философу. Уламыштарга караганда Конфуцийдин учурунда жашаган, бирок ал жөнүндө эч кандай маалымат калган эмес. "Лао-цзы" (кийинчерээк ал «Дао дэ цзин» деп аталган) трактатты ага таандык кылышат. Бул трактат кийинчерээк, мүмкүн, анын шакирттери жана жолун жолдоочулары тарабынан жазылса керек. Трактатта даосизм деп аталган доктрина баяндалат. Дао-цзыга ылайык, жаратылыш, адамдардын жашоо-турмушу жана коом табийгый мыйзамга — даого — бардык нерселердин мыйзамына баш ийет жана абаны, эфирди билдирүүчү «Ли» субстанциясы менен бирдикте дүйнөнүн негизин жаратат. Дүйнөдө түбөлүктүү жана өзгөрүлбөс эч нерсе жок, анткени бардыгы жолдо агылып турат, бардыгы кыймылда болуп өзгөрүлөт, бардыгы өнүгөт жана жаңырат.

Эгерде даонун табийгый мыйзамы бузулса, бактысыздык башка түшөт, адамдар дао мыйзамын бузбашы керек, ошондуктан алар аракетке эмес, бейпилдикке умтулууга тийиш. Адамдын иш аракети, Лао-цзынын пикири боюнча, аны дүйнө менен карама-каршылыкка алып келет, ошондуктан ал «ар нерсенин өз жолу бар, ага кийлигишпөө керек» деген теорияны үгүттөйт. Анын пикири боюнча, бардык нерсенин өз жолу бар. Күрөшүү керек эмес, алгачкы коомдогу жөнөкөй, табийгый турмушка кайрылып келүү керек. «Эгерде кимдир бирөө дүйнөнү ээлеп алып, көз жазгырмачылыкка барса,

анын иши оңунан чыкпайт. Анткени дүйнө дегенибиз — бул ыйык идиш, аны менен көз жаздырым ойноого болбойт. Эгерде кимдир бирөө аны менен көз жаздырып амалданам десе, аны жок кылып алат. Эгерде кимдир бирөө аны ээлеп алгысы келсе, аны жоготуп жиберет».

**Конфуцийчилик.** Башкаруучу жана анын чиновниктери өлкөнү адилеттик, чынчылдык жана сүйүү принциптерине ылайык башкаруусу керек. Этикалык эрежелер, социалдык нормалар, мамлекеттин ирээтүү башкаруусун жөнгө салуу изилденген. Өкүлдөрү: Конфуций, Цэн Цзы, Цзы Си, Ю Руо, Цзы Гао, Менцзы, Сюнь Цзы.

**Конфуций** (551-479ж.ж. б.з.ч.) Байыркы Кытайдын эн көрүнүктүү философу, кытай философиясында бүтүндөй бир багытка — конфуцийчиликке негиз салган. Конфуций тектүү, бирок кедейленип калган үй-бүлөдө туулган. Конфуцийди эң эле ар түрдүү эмгектердин («Книга перемен», «Книга песен» ж.б.) автору деп эсептешет, бирок анын көз караштарынын бир кыйла тагыраак булагы: «Субхаттар жана ой жүгүртүүлөр» («Лунь юй») деген эмгеги болуп саналат, мында Конфуцийдин жана анын шакирттеринин санат сөздөрү жазылган. Конфуцийдин бүткүл философиялык системасынын борборунда этика жана тарбия маселелери турат. Конфуций үчүн — гумандуулук (жэнь) башкы түшүнүк. Жэнь — адамдардын социалдык жана этикалык өз ара мамилелерин аныктай турган мыйзам. Бул мыйзамды Конфуций төмөнкүчө аныктамалайт: «Өзүңө эмнени каалабасаң, аны башкаларга жасаба» («Лунь юй» эмгегинде). Бул маалымдама кийинчерээк философиянын жана диндердин тарыхында ар түрдүү ыкта чагылдырылып, «адеп-ахлактын алтын эрежеси» деп аталган.

Конфуцийдин философиясында «Ли» түшүнүгү чоң роль ойнойт, бул түшүнүк коомдук жашоо-турмуш нормалары дегенди билдирет жана жэнь этикалык мыйзамынын практикалык ишке ашырылышын көрсөтөт. «Ли» түшүнүгү коомдун бүткүл социалдык турмушун өзүнө камтыйт, бирок бул түшүнүктүн таасир-аракети адамдардын социалдык абалына байланыштуу ар түрдүү келет. Мындан башка да Конфуцийдин системасында башка этикалык

категориялар да тийиштүү орундарды ээлейт: «и» — парз, адилеттуулук сезими; «синь» — берилгендик, ак ниеттүүлүк ж.б. Конфуцийдин этикалык концепциясынын бардык категориялары нормативдүү инсанды мүнөздөө үчүн кызмат кылат, бул инсан эң жогорку моралдык сапаттарга ээ жана эң бийик социалдык абалды ээлейт. Мындай инсанды ал «асылзаада адам» деп атаган.

Бул асылзаада адамга, Конфуцийдин пикири боюнча, өзүнүн жеке керт башынын мүдөөсүнө жетеленген жана төмөнкү социалдык абалды ээлеген «кичинекей адам» карама каршы турат. Ошол эле убакта Конфуций «жаратылышы боюнча бардык адамдар бирдей, бирок алар көнүмүш адат-жоруктары боюнча айырмаланышат. Мына ошондуктан өзүн өзү өркүндөтүү үчүн адам өз кемчиликтерин жеңип чыгып, изги жүруш-турушка кайтып келиши керек» («Ли»).

Конфуцийдин айткандарында мамлекеттик бийлик проблемасы чоң орунду ээлейт. Анын пикири боюнча башкаруучулар элдин ишенимине ээ болууга жана аны өзүлөрүнүн жеке журуш-турушу менен тарбиялоого тийиш, анткени мамлекетти башкаруу ишке ашырылып жаткан формалар адамдардын жана жалпы эле коомдун адеп-ахлахына таасир берет. Конфуцийдин саясий программасы коомдун бардык мүчөлөрүнүн тийиштүү милдеттерин аныктоо менен чектелет. Ар бир адам коомдогу өзүнүн ордун билиши керек: «Падыша — падыша, букара — букара, ата — ата, уул — уул болууга тийиш».

Конфуций бардык чачыранды аймактарды бирдиктүү бир мамлекетке бириктирүүнү жактаган.

Конфуцийчиликтин идеялары Кытайдын тарыхында андан ары өнүктүрүлүп, кийин ал мамлекеттик дин катарында таанылган.

Конфуций окуусунда диндик-философиялык маселелерин Мэн Цзы (б.з.ч. 372-289 жж.) иштеп чыккан.

Анын көз караштары «Мэн Цзы» китебинде берилген. Ага ылайык адамдын тагдыры объективдүү зарылчылык катары адамдын өзүнөн көз

каранды эмес. Адамдын жашоосу, жашоо күчү эркке баш ийдирилүүгө тийиш. «Эрк - башкы нерсе».

Мэн Цзы мындай деп түшүндүргөн: «Эгер сөздөр бир жактуу болсо, анда акылдын кирдегени. Эгер сөздөр жагымсыз болсо - анда акылдын аңга түшкөнү. Сөздөрдүн калптыгы - бул акылдын өз принциптеринен тайышы. Үч айлантып айтылган сөздөр - акылдын арыганын билдирет. Акылдуу болуп төрөлүш - бул башкарууга зыян келтирүү».

Мэн Цзы Асмандын Каары (асмандын Эркинин өзгөрүшү) концепциясын иштеп чыккан. Буга ылайык күч колдонуу менен алмаштырылган бийлик - бул жогортон ылдый түшүрүлгөн жаза. «Асманда эки күн болбогон сыяктуу эле, элде да эки башкаруучу болушу мүмкүн эмес». Мэн Цзы окуусуна ылайык жердеги социалдык теңсиздик, мураска өтүүчү саясий бийлик ж.б. асмандын эрки менен болот. Жыйынтыктап айтканда Конфуций окуусу - социалдык жана экономикалык жактан азыраак камсыз болгон, төмөн жакта тургандарга карата «чоңдордун» аталык камкордугу катары, саясий илимге патернализмди түшүндүрөт.

**Моизм**. Байыркы Кытайдагы этикалык-саясий окуу. Бул философиялык мектептин негиздөөчүсү Мо Ди (Мо-цзы) болгон. Мо Ди жана анын окуучуларынын (моистер) көз караштары «Мо цзы» китебинде берилген. Моизм б.з.ч. IV-IIIк.к. калыптанган. Мазмуну боюнча Конфуций окуусуна жана Лао-цзынын теорияларына каршы болгон. Коомду «жалпы сүйүү жана өз-ара пайда» принцибинин негизинде кайра куруу программасын иштеп чыгышкан. Бардыгына бирдей тең сүйүүнүн жоктугу – мамлекеттеги баш аламандыктын башкы себеби. Баш аламандык деген эмне? Бул, бала атасын эмес өзүн сүйөт, ошондуктан өз пайдасы үчүн атасына зыян келтирет. Азыркы падышачылыктардын башкаруучулары жалаң гана өз падышачылыгына карата сүйүүнү билдиришет, ошондуктан алар башка өлкөлөргө сокку ургулары келишет. Азыркы үй-бүлөлөрдүн башчылары өз үй-бүлөлөрүнө карата гана сүйүүсүн билишет, алар башка үй-бүлөлөрдө сүйүшпөйт. Эгерде адамдардын ортосунда өз ара сүйүү жок болсо,

анда өз ара жек көрүүнүн пайда болоору бышык Моизм бийлиги мураска калган ак сөөктөргө, алардын коомдук саясий артыкча абалына каршы чыккан. Ошентсе да Моизм байлыкты жектеген эмес. Моисттердин окуусунда байлык өтө баркталып, жокчулук-адепсиздиктин көрүнүшү катары айыпталган. «Байлык эмгекти сүйүүдөн улам болот, ал эми кедейчилик-жалкоолуктан» - деп белгилеген Мо Ди. Мо Динин жолун жолдоочулар (кеч моисттер) анын окуусун андан ары улантышкан. Кытай философиясынын тарыхында биринчи жолу түшүнүп-билүү процессин издөөнү жолго коюшкан. Түшүнүп билүүнүн предмети катары объективдүү чындык катары тышкы дүйнөнү эсептешкен. Моисттерде математика, физика, инженерия өнүгүүгө ээ болгон.

Бул окуунун мааниси универсалдуу сүйүү (цзянь аи) жана гүлдөп-өсүү идеялары болгон, ар бир адам өз ара бири-бирине пайда келтирүү жөнүндө ойлонушу керек. Өкүлдөрү: Мо Цзы, Цинь Хуали, Мэн Шэн, Тянь Сян Цзы, Фу Дун.

**Мо-цзы** (Мо Ди) (475-395-ж.ж.) — байыркы кытай философу, алгач конфуцианчылыкты окуп-үйрөнүп, аны коргоп чыкса да кийин Конфуцийге каршы болгон. Мо-цзынын көз караштары анын шакирттери тарабынан түзүлгөн «Устат Монун трактаты» («Мо-цзы») деген эмгекте баяндалган. Мо-цзынын концепциясынын өзөгүн тузгөн башкы максат — бул «жалпы сүйүү» принциби. Жалпы сүйүү дегенде баардыгынын баарына болгон сүйүүсү түшүнүлөт. Бул сүйүү, Мо-цзынын пикири боюнча, экономикалык да жана саясий чөйрөлөрдөгү ар кандай чыр-чатактарды чече алат. Ал ушул принципти ишке ашыруудан саясий жана экономикалык баш-аламандыктан чыгуунун жолун көргөн. Мындан башка да конфуцианчылыкты сынга алуу менен, Мо-цзы өзүнүн этикалык доктринасынын башка принциптери менен жоболорун да көтөрүп чыккан. Ал таланттарды урматтоонун, өзүн өзү урматтоонун, кол салбоонун маанисин баса белгилеген. Ал, бардык таланттуу адамдар ата-тегине карабастан өлкөнү башкарууга мүмкүндүк

алууга тийиш деп эсептейт. Согуштарга каршы чыккан жана «кошуна падышачылыкка кол салбоо керек, элдерди өлтүрбөө керек, малды тартып алууга жана байлыкты талап-тоноого болбойт» деп эсептеген. Мо-цзы, ошондой эле конфуцианчылыктын адамдын тагдырын «көк тенирдин эрки» аныктайт деген жобосуна каршы чыгып, эгерде адамдар өздөрүнө баш ийбей турган тагдырга ишенсе анда өзүлөрүнүн бактысы үчүн күрөшпөй калышат деп эсептеген. Конфуцианчылыктын элди тарбиялоо музыканын жана жөрөлгөлөрдүн жардамы менен ишке ашырылышы керек деген жобосун да кабыл алган эмес. Ошол эле убакта Мо-цзы адамдын турмушундагы «көк теңирдин ролун» танган эмес, Кудай адамдарды алар жалпы суйуу принцибин канчалык даражада жолдосо ошончолук даражада жазалайт же сый көрсөтөт деп эсептейт.

Тааным жөнүндөгү окуусунда Мо-цзы практикалык ишмердик процессинде алынган билимдер — чыныгы билимдер деген көз карашты туткан. Ал ошондой эле «тубаса билимге» да каршы чыккан.
Мо-цзы — моизм агымын негиздөөчү. Моизчилер өз устатыны идеяларын мажес материализмдин позициясынан өнүктүрүшкөн Алар негизинен логиканын жана тааным теориясынын проблемаларын иштеп чыгышат. Алардын пикири боюнча, бизди курчап турган нерселер обьективдүү мүнөзгө ээ жана биздин ан-сезимибизге көз каранды эмес. Адамдын ан-сезими туюм жана ойлом органдарынын ишмердигинин натыйжасында пайда болот.

**Легизм** (Фа-цзя – «мыйзам мектеби») – байыркы Кытайдагы саясий-философиялык агым. Легизм б.з.ч. VII–VI кылымда Конфуций окуусу жана Даосизм менен бир мезгилде пайда болгон. Мааниси жагынан Конфуций окуусуна каршы турган. Эң көрүнүктүү өкүлдөрүнөн бири Гунсун Ян, тарыхта калган аты Шан Ян (Цин падышачылыгы мезгилинде б.з.ч. 338-ж. өлтүрүлгөн), экинчиси Хан Фэйцзы (б.з.ч. 223-ж. ууландырылган) болгон. Легизм даону жаратылыштын табигый өнүгүү жолу катары түшүндүргөн. Хан Фэйцзы кудайга жана арбактарга ишенүүгө, алардын амирине адамды садага чабууга каршы чыккан. Легизм философиялык-саясий проблемалары

мамлекеттик курулуштун конкреттүү маселелерине баш ийдирилген. «Мыйзамчылар» же европалыктар айткандай легисттер, жеке менчикти жана башкаруучунун жеке бийлигин сактоого багытталган бирдиктүү, жалпыга бирдей милдеттүү мыйзамдарды киргизүүнү талап кылышкан. Мамлекеттик бюрократтык аппаратты дайыма жаңыртып туруу, ар бир кызматчынын милдеттүүлүгү ж.б. легизмге мүнөздүү белгилерден. Шан Ян өзүнүн негизги көз караштарын 26 главадан турган «Шан областынын башкаруучусунун китеби» эмгегинде берген. Анда төмөндөгүлөрдү зарыл деп көрсөтөт:

- 1) жазалоонун көп болгону жана сыйлоонун аздыгы;
- 2) жазанын үрөйдү учургандай мыкаачылык менен болгону;
- 3) майда кылмыштар мыкаачылык менен жазаланса, анда оор кылмыштар өзүнөн-өзү эле болбой калат;
- 4) адамдар чачыранды болушуп, бирин-бири аңдып турушканы оң.

Шан Яндын жана легисттердин позициясы: "күчсүз эл – демек күчтүү мамлекет, күчсүз мамлекет – күчтүү эл. Демек, элди алсыздантуу – мамлекеттин башкы милдети".

**Гунсун Ян** Вэй падышалыгында жакыр жашаган аристократиялык үй-бүлөдөн чыккан, ошондуктан жылнаамачылар аны «Вэй Ян» деп да аташкан. Падышалыктын башкаруучусунун бейбаш уулу Гунсун Ян биринчи министр Гун Шу-цзуонун тушунда төмөн бюрократиялык кызматты ээлеген. Алдыга умтулуу менен Вэй башкаруучусуна легизм идеологиясынын алкагында мамлекетти радикалдуу реформалоо планын сунуш кылган. Категориялык баш тартууну алып, Гунсун Ян мекенин таштап, 361-ж. д. Цинь Сяо-гун падышалыгынын башкаруучусуна (б. з. ч. 361-338-ж. башкарган) кызматка кирип, анын тушунда биринчи кеңешчиси болгон. Биздин заманга чейинки 356-жылдан бери Шан Ян падышалык бийликти абсолютташтырууга, кландык аристократиянын экономикалык жана саясий абалын начарлатууга, жамааттык айыл чарба элитасынын позициясын бекемдөөгө багытталган бир

катар маанилүү саясий жана экономикалык реформаларды жүргүзгөн. Шан Яндын негизги жоболорунан:

- Падышалыктын башкаруучусу мамлекетти байыркы каада-салттарга жана элдин өкүмүнө көңүл бурбай, азыркы реалдуулукка жана учурдагы мамлекеттик кызыкчылыктарга таянып башкаруусу керек.
- Мамлекетти башкаруунун негизги каражаттары жакшылыктарды үгүттөө эмес, ачык-айкын жана түшүнүктүү мыйзамдар болуп саналат, аларды бузгандар катуу жана сөзсүз түрдө жазаланууга тийиш. Башкаруучу мыйзамдан жогору турат, бирок башка бардык субъекттер, анын ичинде тактынын мураскери мыйзамды так аткарышы керек.
- Эл башкаруучу чыгарган мыйзамдарды талкуулоого укугу, акысы жок. Эл башкаруучунун мыйзамдарына жана буйруктарына сокур гана баш ийиши керек.

**Инь-Янь.** Б.з.ч. I миңинчи жылдыктын башында Кытайда натурфилософиялык концепция пайда болот. Мифологиядан Инь жана Янь түшүнүктөрү кабылданат. Мында Янь – жарык башбашталма болуп, асман, түштүк, күн, күндүз, жашоо, күч, эркектик маңыз, так сандардын символу болгон. Инь – аялдык башбашталма, түндүк, караңгы, өлүм, жер, ай, алсыздык, жуп санды билдирген. Инь жана Янь бири бирине каршы турат жана көз каранды, бири экинчисине өтүп турат. Булардан сырткары эфир да жашайт, ал материалдык бөлүкчө – Циден турат. Инь менен Яндын эфирге таасир этүүсүнүн натыйжасында оор аялдык бөлүкчө Инь-ци жана жеңил эркектик бөлүкчө Янь-ци пайда болот. Бул бөлүкчөлөрдүн өз ара таасир этүүсү беш башбашталманы жаратат. Алар: суу, от, жыгач, металл, жер. Булардын ар бири туюмдарда чагылуучу өзгөчөлүктөргө жана сапаттарга ээ. Жогорудагы элементтердин ичинен жер өзгөчө бөлүнүп 14 көрсөтүлөт. Башбашталмалар бири бирине өтүп турат: дарак отту, от жерди, жер металды, металл сууну жаратат. Ал эми суу болсо кайрадан даракты жаратат. Жогорудагы ой жүгүртүүлөрдүн негизинде ар түрдүү жаратылыш

кубулуштары да түшүндүрүлгөн. Мисалы: «Жарык башбашталма Ян төмөндө жайгашып сыртка чыгуу мүмкүнчүлүгү жок; караңгы башталыш Инь аны басып жогору көтөрүлүүсүнө тоскоолдук кылып турат. Мындан жер титирөө пайда болот». Ал эми традициялуу кытай медицинасынын негизинде ден соолук Инь менен Яндын гармониясынан турары белгиленет. Гармониянын бузулушу ооруну жаратат. Философиялык ой жүгүртүү боюнча гармония ар түрдүүлүктүн дал келүүсү катары сүрөттөнөт. Ал жаңы нерсени жаратат. Эгер гармония болбосо бардык нерсе чаржайыт болот, алмашылат. Адамдар өздөрүнүн табигый сапаттарын жоготот. Ошондуктан бул табигый сапаттарды сактап туруу үчүн ритуал түзүлгөн. Натурфиолософиядагы негизги маселе катары асман менен адамдын ортосундагы мамиле, дүйнө түзүлүшүндөгү адамдын орду жөнүндөгү окуу эсептелген. «Тайпин цзин» деп аталган китептеги Юй-цзинин сөзү төмөндөгүчө берилет: «Асман – Яндын улуу күчү, жер – Индин улуу күчү. Адам башка жандыктар сыяктуу эле борборунда турат. Асман тынымсыз төмөн карай багытталат, анын турмуштук башталышы төмөн агат. Жер тынымсыз жогортон алып турат, анын жашоо башаты жогору жак менен биригет. Эки башталыш тең борбордо биригишет, ошондуктан адамдын ортодо болушу ага ыңгайлуу».

**«Ысымдар мектеби».** Бул чындыкты издеген номиналисттер деп аталган мектеп б.з.ч. IV-III-кк. пайда болгон. Бул философиялык багыттын негизги идеясы төмөндөгүдөн көрүнөт. Коомдо өзгөрүү жүрөт, эски ысымдар жаңы мазмунга жооп бербей калат, натыйжада буюмдардын ысымы менен маңызынын ортосунда карама-каршы күрөш пайда болот. Инь Вэнь мындай дейт: «Ысымдар туура болгон учурда дүйнөдө тартип өкүм сүрөт; ысымдар маңызынан ажыраганда дүйнөдө баш аламандык пайда болот». Буюмдар жана анын ысымдарынын дал келбегендиги – тартипсиздиктин жана социалдык башаламандыктын булагы. Ар кандай тартипсиздиктин себеби болуп форма менен айтылып жаткан аттардын дал келбестиги эсептелет. «Качандыр бир убакта туура болгон – маңызы боюнча туура эмес, жакшылык деп аталган өзүнүн жаратылышы боюнча – жамандык». Бул мектептин

өкүлдөрү сөздөрдүн маанисин анализдөө менен алектенишкен. Жалпылык менен жекеликтин, абсолюттук менен салыштырмалуулуктун өз ара мамилесин талкууга алышкан. Алардын оюу боюнча сезимдик элестетүүлөргө караганда түшүнүк чындыкты терең чагылдырат. Минцзы мектебинде эки багыт пайда болгон. Биринчиси (негизги өкүлү Хуэй Ши) предметтердин ортосундагы айырмачылыктар салыштырмалуу экендигине басым жасаган, экинчиси (негизги өкүлү Гунсунь Лун) буюмдардын арасындагы айырмачылыктарды абсолютташтырган.

Ошентип Байыркы Кытай философиясы философия тарыхында өзгөчө оригиналдуу ойлорду айтканы менен азыркы учурда да популярдуулугун сактап келүүдө. Жалпысынан байыркы Кытай философиясы адамзаттык цивилизациянын өнүгүшүнө, кийинки философиялык ойлордун жаралышына чоң таасир көрсөткөн.

**Негизги түшүнүктөр:**

*Конфуцийчилик* – өз ара, алтын ортолук жана адамды сүйүүгө багытталган жашоо регламенти жөнүндөгү окуу.

*Дао* – табият, коомдун принциптерин аныктоочу мыйзам – бардык жалпы космикалык билим жана ой жүгүртүү.

*Инь-Ян* – болумуштун кош башталышын кеңири мааниде чагылдыруучу идея, кош түшүнүк. Инь-Ян – бир башталыш экинчиден качып кутула албашын божомолдогон, диалектилик жуп. Бул абстракттык оомалыктын сан жеткис көптөгөн конкретизациялары бар.

*Жень*–конфуцийчиликтин негизги түшүнүгү. “Гумандуулук”, “кечиримдүүлүк”, “адамкерчилик” дегенди билдирет”.

*Ли* – “жөрөлгө”, “азем”, “этикет”. Ли – бул мүмкүн болгон бардык диний, светтик, үй бүлөлүк – жүрүм-турум нормалары.

**Адабияттар:**


1. Аблеев С.Р. История мировой философии. – М.: АСТ, 2002.
2. Антология мировой философии. В 4-х т. – М., 1969-1972.
3. Волчек Е.З. Философия: учеб. пособ. для вузов.– Минск, 2004.
4. История китайской философии. – М., 1981.
5. Лосев А.Ф. История античной философии –М.: Мысль, 1983.
6. Мир философии. В 2-х частях. – М., 1991.
7. Орлов С.В История философии: краткий курс – Питер 2006.
8. Степаняц М.Т. Восточная философия: учебник для вузов. – М., 2011.

9. Чанышев А.Н. История философии Древного мира: учеб. пос. для вузов. – М., 2011.